| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | **И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** |
| | **БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ** |
| | **ДП** 03-10 |

**“Жактырылды”**
И.Раззаков ат. КМТУнун
ОК отурумунда
Протокол № 8
“24” 04 2024 ж.

Окумуштуу катчы

**“Бекитем”**
И.Раззаков ат. КМТУнун
ректору М.К.Чыныбаев

Буйрук № 1/182
“ ” 2024 ж.

**И.Раззаков атындагы**
**Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин**
**окутуучу-профессордук курамынын**
**окуу иштеринин көлөмүн эсептөөдөгү**
**УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИ**

**Бишкек 2024**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧАкт версиясы № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протокол № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | | |
| 3 | | |
| 4 | | |
| 5 | Жаңы редакция - убакыт ченемдердин көрсөткүчтөрүндө жумалык жүктөмдүн эсептөө менен | Прот.№8 24.04.2024 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Негизги жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары - КМТУ) окутуучу-профессордук курамынын (мындан ары - ОПК) окуу иштеринин көлөмүн эсептөөдөгү ушул убакыт ченемдери (мындан ары - убакыт ченемдер) Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана Эмгек кодексине ылайык иштелип чыккан.

1.2. Убакыт ченемдер КМТУнун окутуучу-профессордук курамынын окуу иштеринин көлөмүн аныктоодо ченемдик негиз болуп саналат жана алардын эмгегин сарамжалдуу пайдалануу жана билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн окуу иштеринин ар кандай түрлөрүн профессордук-окутуучулук курамдын арасында туура бөлүштүрүүнү максат кылат.

1.3. ОПКнын окуу иштерин уюштурууну аныктоочу негизги документ болуп кафедранын жыйынында талкууланган жана кафедра башчысы тарабынан бекитилген окутуучунун Семестрдик окуу иштеринин жеке планы (1-тиркеме) эсептелет.

Жеке планды ишке ашыруу үчүн аткаруучу менен бирге кафедра башчысы жооптуу. Кафедра башчысынын/билим берүү программасынын (мындан ары — ББП) жетекчисинин жекече планын институттун/жогорку мектептин директору бекитет.

1.4. КМТУнун окутуучу-профессордук курамы жумасына 36 саат көлөмүндө окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө, уюштуруу-методикалык иштердин жана окуучуларды тарбиялоо боюнча иштердин бардык түрлөрүн жүргүзүүгө милдеттүү.

1.5. ОПКнын окуу иштерин эсептөө Билим берүү программасынын колдонуудагы окуу пландарынын жана кафедрага бекитилген дисциплиналардын, ошондой эле КМТУнун окуу башкармалыгы тарабынан түзүлгөн окуу агымдарынын жана ушул убакыт ченемдеринин негизинде жүргүзүлөт. Окуу ишинин көлөмү жумалык (апталык) окуу жүгү түрүндө аныкталат.

Окуу иши – билим берүү программаларын ишке ашырууда, анын ичинде аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен, окугандардын окутуучу менен түздөн-түз байланышын болжолдогон окуу-таанып- билүү ишинин уюштурулган формалары.

Окуу ишине аудиториялык сабактардын бардык түрлөрү жана формалары, окугандардын билимин көзөмөлдөө жана кеңеш берүү, күндүзгү окуу формасынын студенттеринин эсептик-графикалык иштерин/тапшырмаларын (ЭГИ), сырттан окуу формасынын студенттеринин текшерүү иштерин текшерүү/рецензиялоо жана кабыл алуу, ошондой эле окугандардын практикасына, курстук ишке/долбоорго, бүтүрүүчү квалификациялык иштерге (БКИ), негизги билим берүү программасына (НББП) жетекчилик кылуу, магистранттын/докторанттын/аспиранттын жетекчилиги, илимдин доктору даражасын изденүүчүнүн консультациясы, МАКтын катчысынын иши, докоранттардын илимий семинары, кафедра башчысынын окутуучулардын сабактарына катышуусу кирет.

Аудиториялык сабактардын түрлөрүнө лекциялык, лабораториялык, практикалык / семинардык сабактар кирет

Окугандарга консультация берүү жана алардын билимин көзөмөлдөө өзүнө консультация берүүнүн бардык түрлөрүн (жеке жана топтук), окугандардын билимин учурдагы жана чектеги көзөмөлдөөнү, студенттердин өз алдынча ишинин тапшырмаларын аткарууну көзөмөлдөөнү камтыйт.

Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жетектөө студенттин квалификацияга чейинки практикасын жетектөөнү камтыйт.

Магистрантты жетектөө анын окуу планынын бардык бөлүмдөрүнүн - билим берүү, илимий-изилдөө, практика жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоонун аткарылышын көзөмөлдөөнү камтыйт.

1.6. Лекциялык агымдар багыттардын жана адистиктердин ББП дисциплиналарынын жалпылыгынын критерийлери боюнча пландаштырылат. Күндүзгү жана сырттан окуу формаларынын (ДОТ колдонуу менен) окуучулары үчүн сабактык агымдар бекитилген *Сабактарга каттоонун тартибине* ылайык түзүлөт.

1.7. Квалификацияны жогорулатуу курстарындагы, такшалмалардагы же оорусу боюнча, окутуучулардын окуу аудиториялык сааттарын кафедранын саатына акы төлөнүүчү фондусуна алып чыгууга болот.

1.8. Саатына акы төлөө окутуучу Жеке планда каралган орточо жумалык окуу жүктөмүн (табл.1) аткарган шартта жүргүзүлөт. Окутуучуга кошумча окуу жүктөмүн бөлүштүрүү кафедранын отурумунун чечими менен жана жыйындын протоколуна тиешелүү жазуу менен жүргүзүлүшү керек.

1.9. Саатына акы төлөөнүүчү окутуучулардын эмгек акысы иш жүзүндө сарпталган 240 саатка чейинки убакыттын эсебинен төлөнөт.

1.10. Кафедра башчысы/ББП жетекчиси *КМТУнун окуу процессин уюштуруу боюнча негизги документтерди берүү Календарына* ылайык 1-жарым жылдык жана окуу жылы боюнча окуу жүктөмүнүн аткарылышы жөнүндө Окуу башкармалыгына (ОБ) отчет берет.

1.11. Окуу агымдарындагы студенттердин саны:

– жалпы билим берүү дисциплиналары боюнча лекциялык сабактар үчүн - 100 адамга чейин, кесиптик сабактар боюнча - 80 адамга чейин.;

- тил сабактары жана "дене тарбия жана спорт" сабагы боюнча практикалык сабактар үчүн 20 адамдын чегинде, калган сабактар үчүн 30 адамга чейин;

- лабораториялык сабактар үчүн 17 адамдын чегинде. Кооптуулугу жогору элементтер менен лабораториялык сабактарды өткөрүүдө топчолорго бөлүү жана ошого жараша топчолордо окугандардын чектик сандык курамын аныктоо ОБ менен макулдашуу боюнча жүргүзүлөт;

- практиканын бардык түрлөрүн уюштурууда - 30 адамдын чегинде.

1.12. Бул Жободо каралбаган иштин башка түрлөрүн аткарууга убакыт ченеми КМТУнун ректорунун кошумча буйругу менен белгиленет.

**2. Окутуучулардын орточо апталык окуу жүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрү** *(1-таблицада келтирилген)*

1- Таблица.

| № | Ээлеген кызматы | Орточо апталык окуу жүгү, саат (кеминде/эң азы) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Бүтүрүүчү кафедра | Жалпы кесиптик кафедра | ДТжС |
| 1 | Профессор | 19,75, анын ичинде 9,5 саат ауд. сабак | 21, анын ичинде 14 саат ауд. сабак | 22,75, анын ичинде 20,75 саат ауд. сабак |
| 2 | Доцент | 21,75, анын ичинде 12,5 саат ауд. сабак | 22,5, анын ичинде 15,75 саат ауд. сабак | 24,25, анын ичинде 22,25 саат ауд. сабак |
| 3 | Улук окутуучу/ окутуучу | 24,25, анын ичинде 18 саат ауд. сабак | | 26,0, анын ичинде 24 саат ауд. сабак |

**3. Семестрдеги апталык окуу жүгүн эсептөө үчүн убакыт ченемдери** *(2-таблицада келтирилген)*

2 -Таблица.

| № | Окуу ишинин түрү | Сааттык ченем | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Аудиториялык сабак | Окуу пландын сааттык торчосу боюнча 1 академиялык саатка 1 саат | Сабакты өздөштүрүүгө каралган сааттардын жыйындысын камтыйт |
| 2 | Окугандардын консультациялары жана алардын билимин көзөмөлдөө [1] | 2 | 1,0 ставкага бардык сабактары боюнча (0,75 ст.- 1,5 саат, 0,5 ст.- 1,0 саат, 0,25 ст.-0,5 саат). |
| 3 | Эсептик-графикалык иштер / текшерүү иштер | 0,5/0,5 | Практикалык сабактар боюнча агымга |
| 4 | Курстук ишке/долбоорго жетекчилик | 1/ 2 | Практикалык сабактар боюнча агымга |
| 5 | БКИ ге жетекчилик (бакалавриат) | 1, 25 | Бир бүтүрүүчүгө. Бир жетекчиге 5 бүтүрүүчүгө чейин бекилет (окуунун акыркы семестри). Бир жетекчинин артынан 5тен ашык бүтүрүүчүлөр бекилиши мүмкүн (апталык окуу жүгүн эсептөөдө эске алынбайт). |
| 6 | БКИ ге жетекчилик (специалитет) | 1,5 | Бир бүтүрүүчүгө. Бир жетекчиге 5 бүтүрүүчүгө чейин бекилет (окуунун акыркы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | семестри).<br>Бир жетекчинин артынан 5тен ашык бүтүрүүчүлөр бекилиши мүмкүн (апталык окуу жүгүн эсептөөдө эске алынбайт). |
| 7 | Магистрантка жетекчилик. | 1-окуу ж. - 1,0;<br>2-, 3- окуу жж. - 2,0;<br>Чет элдик магистрайт-<br>- 3,0 | Бир магистрантка.<br>Бир жетекчиге окуу жыл ичинде 5 магистрантка чейин бекилет.<br>Бир жетекчинин артынан 5тен ашык магистрант бекилиши мүмкүн (апталык окуу жүгүн эсептөөдө эске алынбайт). |
| 8 | PhD докторантка жетекчилик | 3,0 ;<br>Чет элдик докторант - 4,0 | Бир докторантка.<br>Бир жетекчиге окуу жыл ичинде 5 докторантка чейин бекилет.<br>Бир жетекчинин артынан 5 тен ашык докторант бекилиши мүмкүн (апталык окуу жүгүн эсептөөдө эске алынбайт). |
| 9 | Аспирантка жетекчилик | 2,0;<br>Чет элдик аспирант – 3,0 | Бир аспирантка.<br>Профессор, илимдин доктору – 5 аспирант.<br>Доцент, илимдин кандидаты – 3 аспирант. |
| 10 | Бакалавриатта жана адистикте окуу практиканы, КМТУнун полигондорунда окуу-талаа практиканы жана өндүрүштүк практиканы жетектөө. | 1,0 | Практиканын 1жумасына, агымга. |
| 11 | Бакалавриатта жана адистикте башка полигондордогу практикага жетекчилик. | 2,0 | Практиканын 1жумасына, агымга. |
| 12 | Негизги билим берүү программасына (НББП) | 1,0 | 1 НББП га. 1 окутуучу 2-ден көп эмес НББПга жетекчилик кыла алат. |
| 13 | МАК тын катчылык иши | 1 | Окуунун акыркы семестринде |
| 14 | Илимдин доктору даражасын изденүүчүнүн консультациясы | 1 | Бир докторантка |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Илимий семинар | 1 | PhD докторантура |
| 16 | Профессордук-окутуучулук курамдын сабактарына катышуу | 1,5 | Кафедра башчысына/Билим берүү программасынын жетекчисине |

[1] - *Лекция агымында 50дөн ашык окугандар болсо, 2 – пунктка 1 саат кошулат.*

## 2. Саат акы төлөмү үчүн убакыт ченемдер

*( 3 – таблицада келтирилген).*

Таблица 3

| № | Окуу ишинин түрү | Сааттык ченем | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | БКИни рецензиялоо | 3,0 - бак<br>4,0 - спец.<br>5,0 - маг. | Бир БКИге |
| 2 | Жалпылоочу лекция | 6,0 | 1 дисциплинага.<br>Даярдоо багыты боюнча мамлекеттик сынакка |
| 3 | МАКтын ишине катышуу | 6,0 | МАКтын ар бир мүчөсүнө бир күнгө, төрагага 2 эсе көбөйтүлөт |
| 4 | Аспирантуранын сынактары (кирүү сынактар, кандидаттык минимумдар) | 6,0 | Комиссиянын ар бир мүчөсүнө бир күнгө |
| 5 | PhD докторанттын диссертациясына экспертиза | 10,0 | 1 диссертацияга |
| 6 | Үйрөнчүккө жетекчилик | 10,0 | 1 айга |

**“Жактырылды”:**

И.Раззаков ат. КМТУнун
Окуу-методикалык кеңеши
Төрага/Төрайым:
__________ Элеманова Р.Ш
Протокол № 4,
“26” 01 2024 ж.

**“Макулдашылды”:**

ПФБ башчысы
__________
Курманова Н.М.
“15” 04 2024 ж.